Бекитемин
ЖАКтын директору
_______ Турдубаева Б.М.
_____________ 2023-ж.

**Алдыңкы тажрыйба борбору Жалал-Абад колледжинин социалдык өнөктөштөр менен иштөөдөгү 2023-2024-окуу жылы боюнча жылдык отчет**

Алдыңкы тажрыйба борбору Жалал-Абад колледжинин 2023-2024-окуу жылына карата ЖАКтын стратегиялык планынын негизинде соци алдык өнөктөштөрдүн жана ишкананын кызыкчылыктарын эске алуу менен окуу жайыбыздагы 14 адистик боюнча биргелешкен иш-план түзүлдү.

Социалдык өнөктөштөр менен биргеликте өз ара иш алып баруунун системасын жана алар менен келишимдерди түзүү,мөөнөтү аяктаган келишимдер боюнча мекемелер менен макулдашып мөөнөтүн узартуу иштери жүргүзүлдү.Адистиктер дин суроо-талап тарын эске алуу менен бирге региондон сырткары Ош жана Бишкек шаарындагы ай рым ишканалар менен да келишимдерди түздүк.Ар бир ад истик боюнча базалык мекемелерди түзүп,ар кандай иш-чараларды,жумуш ордунда окутууну,тегерек столдорду практиканын бурчун уюштурдук.

Социалдык өнөктөштөрдүн иш планында бекитилгендей,бардык адистиктерде иш берүү чүлөр менен жолугушуу өтүп, окуу пландары, жалпы кесиптик билим берүү программалары, бүтүрүүчүнүн моделин, өндүрүштүк практиканын бардык түрүнүн жу мушчу программалары жана жол карталары, жумуш берүүчүлөр тарабынан сунуш кылынган компетенттүүлүктөр талкууланды.Ошондой эле иш берүучүлөр тарабынан окуу план дарына,практиканын жумушчу программасына айтылган сунуштар эске алынды.

Ал жыл башында иш планында бекитилет.Мында өндүрүштүк окуу боюнча ар бир адистик боюнча график бекитилип иш берүүчулөр менен адис окутуучулар жана эксперттик группанын курамындагы мүчөлөр менен биргеликте ишке ашырылат.Ошондой эле практикалардын жол карталарындагы студенттин жана мугалимдин милдеттерине жана өндүрүштүк жетекчилердин жол карталарына өзгөртүүлөр киргизилди. Өндүрүштүк жана квалификация алдындагы практикада студенттер өндүрүшкө жана ишкана, мекемелерге барып жумушчу орундарын таап, ишке жайгашып келүүдө. Ошондой эле иш берүүчүлөрдүн талап кылган компетенцияларына дал келген көндүмдөрдү үйрөнүп,окуу пландарына сунуштарын айта алышат.

Окуу жайдагы ар бир адистик боюнча түзүлгөн эксперттик группанын курамындагы иш берүүчүлөр жана окутуучулар курамы окуу пландары, жалпы кесиптик билим берүү программалары, бүтүрүүчүнүн моделинин карап чыгышып,өз ой –пикирлерин айтышып,сунуштарын билдиришти жана эксперттик группанын төрагалары бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик атестациялоосуна квалификациялык жумушун баалоого жана коргоого катышуусу жөнүндө сунуштар кабыл алынды.





Мындан сырткары Жумуш ордунда окутуу боюнча да иш берүүчүлөр менен макулдашуу болуп,практика жана сабак учурунда студенттер менен мекемеге барып ,ал жердеги практик агай –эжелердин сабактарына катышып,өздөрүнө керектүү көп маалыматтарды ала алышат.Ар бир предмет боюнча өтүлгөн жумуш ордунда окутуу студенттер үчүн пайдалуу жана ыңгайлуу.Анткени,теориялык алган билимге караганда,профессионал практиктер турмуш менен байланыштырышып,усулдук жардам бере алышат.





Алдыңкы тажрыйба борбору Жалал-Абад колледжинде 2023-жылдын 20-майында артыкчылыктуу адистиктер деп аталаган”Автоматташытырылган системаларды жана эсептөө техникасын программалык камсыздоо” жана”Электр станциялар,түйүндөр жана тармактар” ,”Автомобиль унааларын техникалык тейлөө жана оңдоо” жана “Ветеринария адистикеринин

иш берүүчүлөрү менен биргеликте кесиптик стандарттарды иштеп чыгуу,кесиптик билим берүүнүн деңгээлдери боюнча өтүү траекториясын эске алуу менен компетенциялардын негизинде окутууну киргизүү,кеңейтүү максатында эксперттик топтун мүчөлөрү менен биргеликте семинар болуп өттү.Мында адис окутуучулар менен бирге,эксперттик группанын мүчөлөрү өз ойлорун айтышып,сунуштарын беришти.





Социалдык өнөктөштөрдү көз карандысыз сертификациялоо,гендер жана инклюзия маселелери боюнча маалымдуулукту жогорулатуу боюнча 2023-жылдын 19-сентябрында семинар- тренинг болуп өттү.

Бул семинар-тренинге окуу жайдын жетекчилиги жана артыкчылыктуу адистиктер болуп эсептелген "Ветеринария","Электр станциялар,түйүндөр жана тармактар","Автомобиль унааларын техникалык тейлөө жана оңдоо","Автоматташытырылган системаларды жана эсептөө техникасын программалык камсыздоо" адистиктери боюнча социалдык өнөктөштөр катышышты.

Бул семинар-тренингде азыркы учурда жаңы технологиялардын ыкчам өнүгүүсүнөн улам жумушчуларга болгон талаптар дагы өзгөрүп жаткандыгына байланыштуу,жумуш ордунда окутууда компотентүүлүктү өздөштүрүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү менен колледждин бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик компетентүүлүгүн баалоо тутумун түзүү окуу жай үчүн маанилүү багыттардын бири болоорун,иш берүүчүлөр менен тыгыз иш алып баруу-азыркы учурдун негизги талаптары экендигин окуу жайдын жетекчиси п.и.к.,доцент Б.М.Турдубаева өзүнүн сөзүндө баса белгиледи.Ошондой эле азыркы учурда окуу жай региондогу көпчүлүк мекеме-ишканалар менен тыгыз иш алып барып,социалдык өнөктөштөр менен биргеликте мыкты натыйжаларга жетишип жаткандыгын өзгөчө бөлүп көрсөттү.Иш берүүчүлөрдүн сунуштарын,ой-пикирлерин эске алуу менен кемчиликтерди жоюу-мыкты өбөлгө болоорун баса белгиледи.





Бул  семинар-тренингде окуу жайдын өндүрүштүк окуу боюнча директордун орун басары Ү.Т.Кайкиева “Жалал-Абад колледжиндеги сертификациялоонун элементтери”деген темада презентация жасады .Мында  сертификация жана анын элементтери,окуу жай менен өндүрүштүн ортосундагы жүргүзүлүп жаткан иш-аракеттердин жыйынтыктары,жумуш ордунда окутуу жана анын натыйжалары,иш берүүчүлөр тарабынан уюштурулуп жаткан конок лекциялар,студенттердин өндүрүштөгү практикаларынын жыйынтыктары,мастер-класстар,башка окуу жайлар менен түзүлгөн карым-катнаштар жөнүндө маалыматтар айтылды.
2023-жылдын 10 -ноябрында Жалал-Абад шаарынын жеке ишкерлер асоссицсы (JIA)“менен биргеликте “Жеке сектордогу кесиптик стандарттардын жана компетентүүлүктүн сертификациясынын компетенцияларына” арналган семинарга окуу жайдын артыкчылыктуу адистиктеринин жетекчилери  менен бирге иш берүүчүлөрүбүз катышышты.Мында кесипти к стандарттын  ишкерлер  үчүн пайдалуулугу жана кадрлардын жетишсиздиги ,сапаттуу кадрларды жумушка кабыл алууда ишкерлердин орду деген маселелер каралган.





Жала-Абад шаардык эмгек,социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын калкты иш менен камсыз кылуу бөлүмүнүн башчысы А.М.Имамамлиева жана ушул эле болумдүн башкы адиси Э.Ш.Мамасалиевалар бүтүрүчүү тайпалардын студенттери менен жолугушуп бош орундар жана аларга катип катталуу жөнүндө маалыматтарды беришти




Кыргыз Республикасынын эмгек,социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу жарандарды ишке орноштуруу борбору бүтүрүүчүлөр менен жолугушуу өткөрүп,өзүбүздо жана чет өлкөдө ишке орношуу жөнүндө маалыматтарды беришти жана бутүрүүчүлөрдүн суроолоруна жооп беришти.




Мындан сырткары,Жалал-Абад шаардык эмгек,социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы жана JIA(Жалал-Абад бизнес ассосациясы)тарабынан уюштурулган бош жумуш орундарынын жарманкесинде да биздин бүтүрүүчү тайпанын студенттери активдүү катышышып,






Ар бир адистик боюнча иш берүүлөр менен жолугушуу,алардын студенттерге берген маалыматтары,практика учурундагы көрсөтмөлөрү ,студенттердин практика учурундагы жол карталары менен иштөөсүнө көрсөтмө беришүүдө.
“Лек” окуу борборунун башкы директору Э.Дарбанов окуу жайдын ”Автоматташытырылган системаларды жана эсептөө техникасын программалык камсыздоо” жана “Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу” адистиктеринин студенттери менен өндүрүштүк жана квалификация алдындагы практика учурунда тыгыз иш алып барып жаткандыктарын жана студент-практиканттарга туура багыт берүү аркылуу адистикке болгон кызыгуусун арттыруу-иш берүүчүлөр үчүн дагы негизги нерсе экендигин баса белгиледи









Окуу жайыбыз социалдык өнөктөштөр менен тынымсыз байланышта болушуп,окуу жайда өткөрүүлүчү иш-чараларга чакырып,алардын ой-пикирлерин угуп,сунуштарын кабыл алабыз.





Мындан сырткары,окуу жайыбыздын эң мыкты өнөктөшү катары эсептелген ата-энелер менен да алгылыктуу иштер жүргүзүлүүдө.1,2-курстун ата-энелери менен тайпаларда ата-энелер жыйналышы болуп,окуу жайдын атайын буйрутмасынын негизинде кураторлор жыйналыш өткөрүшүп,ата-энелерден 6 сунуш жана 7суроо берилди.Ата-энелер азыркы

учурда окуу жайдагы  студенттер үчүн түзүлгөн шарттардын эң мыкты экендигин,окуу жай менен тыгыз байланышта боло тургандыгын айтышты.





Биздин окуу жай социалдык өнөктөштор менен иштөөнү мындан ары да өркүндөтүп,биргелешип иш алып барууну улантабыз.